**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628. Диссертациялык кеңештин ПРОТОКОЛУ № 9 6-октябрь 2021-жыл**

Кеңештин бардык мүчөлөрү – 13 киши
Катышканы – 9 киши
Катыша албай калганы – 4 киши
Төрага - т.и.д., профессор Т.К.Чороев
Окумуштуу катчы - т.и.к. А.З.Жапаров.

**Төрага:** Урматтуу адистештирилген кеңештин мүчөлөрү! Бүгүнкү жыйынга Диссертациялык кеңештин жалпы 13 (он үч) мүчөсүнөн 9у (тогуз) катышып жатат, анын ичинен 1(бир) мүчөсү онлайн түрүндө катышууда. Кворум бар. Кеңештин жыйынын ачууга эч кимде каршылык жокпу?

- Жок.

**Күн тартиби:**

1. Куттубекова Венера Мамбеталиевна тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)” 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын коргоонун алдында турат. Аталган илимий изилдөө бүгүнкү кенешмеде алдын ала коргоого коюлат. Диссертациянын автору В.М.Куттубекова өзүнүн илимий изилдөөсүн И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин ”Философия жана социалдык илимдер” кафедрасында улуу окутуучу кызматында иштеп жүрүп иш жүзүнө ашырган. Изилдөөнүн илимий жетекчиси тарых илимдеринин кандидаты, доцент Өмүрбеков Черикбай Казыгулович.

- Күн тартиби боюнча кимде кандай пикирлер бар?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Суроо жок. Коюлган суроо бекитилсин.
**Төрага:** Күн тартибине каршылык жок. Күн тартиби бекитилсин.
Катышуу баракчасына ылайык, бүгүнкү жыйынга Диссертациялык кеңештин төмөндөгү мүчөлөрү катышууда:

1. Чоротегин Тынчтыкбек Кыдырмамбетович (төрага) – т.и.д., профессор, адистиги - 07.00.02., 07.00.07.
2. Жапаров Амантур Зайнитдинович (окумуштуу катчы) – т.и.к. улуу илимий кызматкер, адистиги - 07.00.07.
3. Асанканов Аблабек Асанканович – т.и.д., профессор, адистиги - 07.00.07.

4. Жоошбекова Айнагүл Рысбаевна – т.и.д., доцент, адистиги - 07.00.07.
5. Табалдиев Кубатбек Шакиевич – т.и.к. доцент, адистиги - 07.00.06.
6. Чаргынов Темирлан Таштанбекович – т.и.к., доцент, адистиги - 07.00.06.- онлайн.
7. Койчуманова Чолпон Урушбековна – т.и.д, профессор, адистиги - 07.00.02, 07.00.07.
8. Бикбулатова Аниса Рифовна – т.и.д., доцент, адистиги - 07.00.07.
9. Каратаев Олжобай Кубатбекович – т.и.д., профессор, адистиги - 07.00.07.

**Коюлган маселелерди талкуулоо:**

Сөз талапкердин өздүк иш кагаздары жана документтери менен тааныштыруу үчүн Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин кандидаты, улуу илимий кызматкер Жапаров Амантур Зайнитдиновичке берилет.

**Окумуштуу катчы, т.и.к. Жапаров А.З.:** Куттубекова Венера Мамбеталиевна 1971-жылдын 20-августунда Талас районунда туулган. Билими жогорку. 1994-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук унивеситетинин тарых факультетин аяктаган. 1994-жылы Бишкек архитектуралык–курулуш колледжине окутуучу болуп кабыл алынган. 1995-жылы И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекттик техникалык университетинин «Философия жана социалдык илимдер» кафедрасына окутуучулук кызматка алынган. 2005-жылдан бери ушул эле кафедрада ага окутуучулук кызматын өтүп келүүдө. Иш тажрыйбасы – жалпы 32 (отуз эки) жыл. Анын ичинен педагогикалык стажы 27 (жыйырма жети) жыл. 2007-жылы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Окумуштуулар кеңешинде Венера Мамбеталиевна Куттубекованын "Кыргыздардын совет мезгилиндеги турмуш тиричилигин камсыздоо маданияты (тамак-аш системасы)" деген темада кандидаттык иши бекитилген. Адистиги: 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология. Илимий жетекчиси т.и.к. доцент Өмүрбеков Черикбай Казыгулович дайындалган. Аталган тема 2014-жылы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин Окумуштуулар кеңешинде "Түндүк жана түндүк-батыш Кыргызстанда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш системасы (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)" деп өзгөртүлгөн. Диссертациялык тема жазылгандан кийин, анын ичине камтылган этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын мазмуну боюнча, теманын аталышына кайрадан редакциялык өзгөрүүлөр киргизилип, 2020-жылдын 30-декабрында (№5 протокол) И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун чечими менен "Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)" деп редакцияланган.

Кандидаттык минимумдары «Чет тили» - 4 (жакшы), «Кыргыз тили» - 5 (эң жакшы), «Илимдин тарыхы жана философиясы» - 5 (эң жакшы).

Куттубекова Венера Мамбеталиевна 20дан ашык илимий макалалардын автору, алардын 16сы (он алтысы) диссертациялык темага байланышкан. Жалпы топтоо балы – 238 (эки жүз отуз сегиз).

Диссертациялык иш 2020-жылдын 27-декабрында (№12 протоколу) "Философия жана социалдык илимдер" кафедрасынын отурумунда талкууланып, коргоого чыгуу үчүн чечим кабыл алынган. 2021-жылдын 24-июнунда диссертациялык иш кандидаттык (докторлук) диссертацияларды коргоо боюнча Атайын кеңеште кабыл алынып, коргоого сунушталган. Диссертациялык кеңеш тарабынан В.М.Куттубекова даярдаган илимий изилдөөгө эксперттик комиссия түзүлгөн. Анын курамына тарых илимдеринин доктору Бикбулатова Аниса Рифовна, тарых илимдеринин доктору Жоошбекова Айнагүл Рысбаевна, жана тарых илимдеринин доктору профессор Каратаев Олжобай Кубатбековичтер бекитилген. Белгилей кетүүчү нерсе, жазылган диссертациялык иш экинчи жолу коргоого чыгууда. УАКтын койгон талабы боюнча бир жылдык мөөнөттөн кийин кайра коргоого чыкканга мүмкүн эле. Мурунку коргоодон бүгүнкү күнгө чейин эки жылдык мөөнөт өттү. В.М.Куттубекова Аттестациялык комиссиянын коргонуучуга койгон жаңы талаптарынын негизинде коргоого чыгууда.

Изденүүчүнүн бардык жеке документтери туура толтурулган жана КР УАКтын бардык талаптарына жооп берет.

**Төрага:** Өздүк иш кагаздарынын материалдары боюнча окумуштуу катчыга кандай суроолор бар? Суроо жок.

Эми иштин мазмуну менен тааныштыруу үчүн изденүүчү Венера Куттубековага он мүнөттүн тегерегинде сөз берилет. Ишиңиздин кыскача маанисине жана жүйөлүү маселелерге токтолуп отсөңүз.

**Изденүүчү**: Урматтуу Атайын диссертациялык кеңештин төрагасы, орун басары жана мүчөлөрү! Бүгүнкү каралып жаткан ишим менен экинчи жолу коргоого чыгып жатканыма байланыштуу, илимий ишимдин темасы жаңы редакциялык талдоодон өткөрүлдү. Себеби, биринчи жолу жактоого чыкканда менин темамдын аталышы - "Түндүк жана түндүк-батыш Кыргызстанда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш системасы (этнографиялык жана этносоцислогиялык материалдардын негизинде)" деп аталган эле, андан берки эки жылдын ичинде жазылган диссертациянын кол жазмасына жаңы теориялык жана практикалык толуктамалар киргизилди. Башкача айтканда, диссертациянын мазмунуна өзгөртүүлөр киргизилди. Мына ушундай себептердин негизинде диссертациянын кол жазмасы редакциялык өзгөртүүлөргө дуушар болуп, теманын аталышы "Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)" деп өзгөртүлдү.

Эми ишимдин мазмунуна кыскача анализ берип өтсөм: Баарыныздарга белгилүү болгондой материалдык маданияттын олуттуу, маңыздуу биримдиктеринин бири тамак-аш болуп саналат. Элибиздин совет мезгилиндеги тамак-ашына байланыштуу бир нече актуалдуу маселелер

көтөрүлүп, изилдөөгө алынып келе жаткандыгына карабастан, азыркы мезгилге чейин Кыргызстандын Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-ашынын өнүгүүсү атайын этнографиялык жана этносоциологиялык багытта өз алдынча илимий иликтөөгө алынган эмес. Аталган аймактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн кээ бир тамак-ашынын түрлөрү жана тамак ичүүнүн эрежелери совет мезгилиндеги материалдык маданиятынын өнүгүүсүнүн алкагында толук эмес, чачкындуу түрдө изилдөөгө алынган.

Сунушталган изилдөөдө совет мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү, өзгөрүшү даректүү этнографиялык баяндамалардын жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде илимий талдоого алынды.

Илимий иштин максатынын негизинде изилдөөнүн милдеттери аныкталды.

Изилдөөнүн географиялык алкагы Кыргызстандын түндүгүндө жайгашкан Чүй жана түндүк-батышында орун алган Талас өрөөндөрү менен чектелип, ушул аймактарда совет бийлиги орногон мезгилден тартып, СССР расмий түрдө кулаган мезгилге чейинки мөөнөттүн аралыгында кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына илимий талдоо жүргүзүлдү.

Диссертациянын түзүмү жана көлөмүнө токтолсом: илимий изилдөө иши кириш сөздөн, төрт баптан, он бир параграфтан, корутундудан жана курамына илимий монографиялардын, макалалардын, газета, журналга жарыяланган популярдык баяндамалардын, авторефераттардын, автордун талаа материалдарынын тизмеси кирген колдонулган адабияттардан, кыскартуулардан, этносоциологиялык сурамжылоонун суроолору, тамак-аштардын жергиликтүү терминдеги аталыштардын сөздүгү, этнографиялык талаа экспедициялар мезгилинде интервью алынган жергиликтүү өкүлдөрдүн аты-жөндөрү, туулган жылдары, уруулары көрсөтүлгөн информаторлордун тизмеси кирген тиркемелерден турат.

Биз тарабынан даярдалган илимий изилдөөдө, мурунку коргоого чыккан кол жазмага караганда төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилди:

1. Жогоруда белгилеп кеткендей жаңыдан коргоого даярдалган илимий ишимдин мазмунуна ылайык диссертациялык теманын аталышы редакциялык өзгөрүүлөргө дуушар болду.

2. Диссертациянын кол жазмасындагы "айыл" деген сөз, "кыштак" деген сөзгө толугу менен алмаштырылды. Себеби, салттуу турмушта көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз атуулдары бир жерге туруктуу эмес айылдарда жашашса, XX кылымдын 20-жылдарынын ортосунан бир жерде туруктуу болгон эл жашоочу кыштактарда жашай башташкан.

3. Жазылган диссертациянын кол жазмасы толугу менен редакциялык текшерүүдөн өткөрүлүп, кетирилген стилистикалык каталар оңдолуп, жаңы толуктоолор, кошумчалар киргизилди.

4. Коомдук тамак ичүү аземине “сакмандагы тамак ичүү”, дыйканчылыктагы түшүмдөрдү чогултууда “талаа станында тамак ичүү”, “кыркындагы тамак ичүү” жөрөлгөлөрү изилдөө ишинин кол жазмасына киргизилди. Мындан тышкары расмий түрдө совет бийлигинин аткаруу органдарынын чечими тарабынан XX кылымдын 30-жылдарынын ортосунда жалпы өлкөнүн аймагына ”балык күнүнө” арналган кошумчалар менен толуктанды.

5. Изилдөө ишинин кол жазмасында жана корутундусунда чыгарылган жыйынтыктардын негизинде практикалык сунуштар менен кошумчаланды.

**Төрага:** Урматтуу Атайын кеңештин мүчөлөрү! Изденүүчү Венера Куттубековага кимде, кандай суроолор бар? Эгерде суроолор жок болсо, анда биз алдын ала дайындалган эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө сөз берсек.

Анда сөз эксперттик комиссиянын төрагасы, тарых илимдеринин доктору Бикбулатова Аниса Рифовнага берилет.

**Бикбулатова Аниса Рифовна:** Урматтуу кеңештин мүчөлөрү! В.М.Куттубекованын “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)” 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы экинчи жолу каралып жатат. Биринчи жолу бул иштин экинчи оппоненти болуп, ишке оң баа берип, теманын актуалдуулугуна баа берилип, өзүмдүн пикиримди айтып кеткем. Белгилей кетүүчү нерсе теманын актуалдуулугу жалпы этнография илиминде өтө чоң. Аймак катары да, обьект катары туура тандалып алынган. Тандалып алынган аймактардын кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-ашынын өнүгүшү кыргыз этнографиясында азыркы мезгилге чейин этнографиялык жана этносоциологиялык багытта атайын изилдөөгө дуушар болгон эмес. Изилдөө ишинин ушундай ыкмада коюулушу, анын актуалдуулугун жогорулатат.

Жазылган диссертациянын дагы бир өзгөчөлүгү, окурмандарга классикалык этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтар комплекстүү чогуу камтылып, совет доору мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өзгөрүшүнө чарбалык, маданий, социалдык, демографиялык, урбанизациялык жүрүмдөрдүн жана калыптанып калган полиэтникалык чөйрөнүн тийгизген таасирлери тастыкталган.

Диссертациялык изилдөөдө кыргыздардын көчмөн малчылык чарбасынын таасири басымдуулук кылган совет доорундагы тамак-аш маданиятынын өзгөрүшү, өнүгүшү изилдөөгө алынып, жыйынтыктары жана сунуштары теориялык жаңы тыянактардын пайда болушуна алып келген.

Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүндө илимий иштин актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилдөөнүн мезгилдик, географиялык алкагы, илимий программалар менен байланышы, иштин жаңычылдыгы, теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн кошкон

жеке салымы, изилдөөнүн методологиялык негиздери менен тажрыйбалык мааниси, коргоого сунушталуучу жоболор, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы, диссертациялык иштин структурасы менен көлөмү көрсөтүлгөн.

Совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз уруулук бирикмелеринин көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгынан отурукташкан айылдарга өтүүсү, алардын арасында сугат дыйканчылыгынын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, балыкчылыктын, багбанчылыктын тарашы даректүү материалдар менен далилденген.

Илимий иштин жыйынтыктарына токтолбой койсок деле болот. Себеби, ар бир параграфтын жана баптын артында, ошол параграфка же бабга тиешелүү илимий жыйынтыктар чыгарылган. Диссертациянын практикалык мааниси жогору деп ойлойм. Автореферат диссертациянын мазмунуна толук дал келет. Бул жагын карап чыкканбыз.

Иштин кээ бир кемчиликтери боюнча биз диссертант менен июнь-июль айларында жолугуп, этносоциология илиминде этносоциологиялык обьектини тандоо (*выборка)* боюнча кыскача талкуулоо жүргүзгөнбүз. Андан бери диссертант колунан келишинче кетирилген кемчиликтердин үстүнөн иштеди.

Эми иштин кээ бир өксүктөрүнө токтоло кетсем:

1. Сунушталган эмгекте этносоциологиялык материалдар колдонулган, бирок аны жүргүзүүдө изилденген обьектилерди тандоо ыкмасы кандай жол менен жүргүзүлгөндүгү жеткиликтүү аныкталган эмес.

2. Илимий иштин “Маданий жана этнос аралык жүрүмдөрдүн кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген таасири” аттуу параграфында башка этностордун таасири жөнүндө көп айтылган, бирок аларга далил азыраак келтирилген. Этносоциологиялык анкетада бул теманы ачып берүү үчүн аз гана суроо камтылган. Бул маселени кененирээк чагылдырыш үчүн, тандалып алынган аймактардын калкынын этникалык курамын Кыргыз Республикасынын Статистикалык комитетинин материалдарын колдонуу менен ачык көрсөтсө болмок. Ошондой эле сурамжылоо үчүн түзүлгөн анкетада өзүнчө бир блок суроолор киргизилсе туура болмок.

3. Диссертациянын кол жазмасында кээ бир техникалык кемчиликтерге жол берилген.

Жогоруда белгилегендерди эске алып, Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)” аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын сын-пикир, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу шарты менен Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз

улуттук университетине караштуу Д 07.21. 628 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кыламын.

Жетектөөчү мекеме катары Борбордук Азиядагы Америкалык университеттин Антропология, технология жана эл аралык өнүгүү программасын сунуштайм, ал жерде квалификациясы боюнча бул ишке туура келген адистердин саны жетиштүү деп эсептейм. Иште этносоциологиялык материалдар кеңири колдонулгандыктан биринчи оппоненттикке т.и.д. А.Р. Жоошбекованы, экинчи оппоненттикке т.и.к. С.Н. Эралиевди сунуштайм.

**Төрага:** Анда эмки сөз эксперттин суроолоруна жооп берүү үчүн изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү:** Аниса Рифовна сизге чон рахмат! Биринчи суроо бонча, этносоциологиялык обьектини тандоодо төмөндөгүдөй белгилер же критерийлер негизги орунду ээледи: ошол обьектинин (*кыштактын*) деңиз денгээлинин канчалык бийиктикте жайгашышы; изилденген кыштактын негизги чарбачылыгы; шаар же шаар тибиндеги поселоктордон канчалык алыстыкта жайгашышы; изилденген кыштактардын улуттук курамы.

Жогорудагы белгилердин негизинде Чүй облусунда Кемин районунун тоолуу аймагында жайгашкан Кароол–Добө (1924-ж. уюшулган), бөксө тоолуу зонасында орун алган Бейшеке (1885-ж. уюшулган) жана түздүктүү аймакта жайгашкан Жаңы–Алыш (1922-ж. уюшулган). Ал эми Талас облусунда Кара-Буура районундагы бийик тоолуу Көк-Сай (1917-ж.), бөксө тоолуу Бакайыр (1934-ж.), түздүктүү Суулу-Маймак (1931-ж.) кыштактары тандалып алынды. Бийик тоолуу кыштактар деңиз деңгээлинен 2,700-3,100 метр бийиктикте, бөксө тоолуу кыштактар 1,700-2,600 метр бийиктикте, түздүктүү кыштактар 700-1,600 бийиктикте жайгашкан.

Сиздин экинчи суроонуз боюнча айта кетсем – Кыргыз Республикасынын Статистикалык комитети тарабынан даярдалган маалыматтар изилдөө ищимде атайын колдонулган эмес. Себеби, Чүй жана Талас өрөөндөрү 1939-жылга чейин Фрунзе кантонунун курамында болгон. Облус аралык сан боюнча көргөзгүчтөр 1959, 1970,1979-жылдардагы Бүткүл союздук эл каттоонун материалдары колдонулду. Окурмандардын кабыл алышын жеңилдетүү максатында демографиялык көрсөткүчтөр талдоого алынган жок. Эксперттин айткан пикирин кийинки изилдөөлөрүбүздө колдонууга аракетибизди жасайбыз.

Ал эми үчүнчү сын пикириңизди эске алуу менен техникалык кемчиликтерди сөзсүз жоюга аракет кылабыз.

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер! Кийинки сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Каратаев Олжобай Кубатбековичке берилет .

**Каратаев Олжобай Кубатбекович:** Урматтуу кесиптештер! Бүгүнкү талкууланып жаткан диссертацялык иш актуалдуу. Иш жакшы, кеңири мааниде жазылган. Этнографиялык жана этносоциологиялык изилөдөөлөр аткарылган. Бул ишти биринчи коргоодо кызыгуу менен окуп чыкканбыз.

Мына быйыл, кайрадан окуп чыгып иште бир топ өзгөрүүлөр болгондугун айта кетүү керек жана колдоого татыктуу деп эсептейм.

Диссертациянын илимий жана практикалык мааниси ачылып жана көрсөтүлүп берилген. Мындан сырткары авторефераттын дисертациялык иштин мазмуунуна туура, дал келет. Эми диссертациялык иштин кээ бир өксүктөрүн жоюу үчүн айрым сунуштарым төмөнкүдөй:

1. Илимий ишти жазууда «Тамак-аш терминдеринин сөздүгүндө башка элдердин сөзүнөн алынган терминдерди кошкондо диссертациянын мазмууну дагы кеңеймек».

2. Илимий иштин мазмунунда кайталанган фрагменттер кезигет.

Жогоруда белгилегендерди эске алып, В.М. Куттубекованын “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде” деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын-пикир, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу шарты менен Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.21. 628 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кыламын.

**Төрага:** Эксперттик комиссиянын мүчөсүнө жооп берүү үчүн эмки сөз изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү:** Урматтуу Олжобай Кубатбековичтин биринчи сунушуна жооп берсем. Башка элдердин сөзүнөн алынган терминдер атайын кошулган эмес. Себеби, диссертациянын көлөмү Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан берилген көлөмгө туура келген. Ал эми жергиликтүү тамак-аштын атттары кошумча тиркемеде кошулган. Ушул себептен башка элдердин сөзүнөн алынган терминдер кошулган жок.

Экинчи өксүк боюнча, албетте бул сунуш кабыл алынат жана негизги коргоого чейин ишимдин үстүнөн иштөөгө, оңдоого аракеттер көрүлөт.

**Төрага:** Демек, негизги коргоого чейин иштин үстүнөн дагы иштейсиз.

Эксперттин оюу менен макулсуз. Диссертация боюнча өз пикирин билдирүү үчүн эмки сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, тарых илимдеринин доктору Жоошбекова Айнагүл Рысбаевнага берилет.

**Жоошбекова Айнагүл Рысбаевна:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы, урматтуу кесиптештер! Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлорүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде” деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасы менен эксперттик комиссиянын мүчөсү катары таанышып чыктым.

Азыр диссертант өзү белгилегендей мурунку ишине салыштырмалуу бир топ өзгөгүүлөрдү көрө алдым. Диссертациялык иштин актуалдуулугу жана диссертациянын коргоо алып чыгуу укугу талашсыз. Себеби, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде диссертациялык деңгээлде комплекстүү изилдөөго алынып, окурмандарга сунушталып отурат. Диссертациялык иште бир топ алгылыктуу жыйынтыктар бар, алардын ар бирөөнө токтолуп отуруунун кажети жок деп ойлойм. Анткени, аталынган маселе боюнча жогорудагы менин кесиптештерим айтып, токтолуп өтүштү.

В.М. Куттубекованын диссертациясында Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү кыргыз үй-бүлөлөлрүнүн тамак-аш маданиятын изилденип, анын жыйынтыктары жана сунуштары, социализм мезгилинде кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү, өзгөрүшү илимий багытта талдоого алынган. Диссертант тарабынан чыгарылган ой-пикирлер жана сунуштар кыргыз этнографиясы жана этносоциологиясы үчүн жаңы ой-пикирлердин, идеялардын курамына кошулат. Анын сунуштары жана ой-пикирлери жаңы этнографиялык жана этносоциялогиялык коплекстүү фундаменталдык изилдөөлөрдүн пайда болушуна түрткү болуп, даректүү илимий булак катары кызмат кылат.

Этнографиялык жана этносоциялогиялык материалдарга, баяндамаларга талдоо жүргүзүлүп, ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Улуттук этнографияда жана этносоциологияда мурун чагылдырылбаган тамак-аш маданиятына байланышкан маалыматтар жана түшүнүктөр илимий айлампага киргизилген. Этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде көп жаңылануулар, өзгөрүүлөр, трансформациялар социализм мезгилиндеги тамак-аш маданиятына киргизилгендиги, адамдардын турмуш тиричилигиндеги, жашоого болгон көз карашындагы өзгөрүүлөрдү көрсөтүп турат. Социализм мезгилинде тамак-аш маданиятына байланыштуу баардык социалдык чөйрөлөрдү өз кучагына камтыган баяндамаларга талдоо жүргүзүлүп, ийгиликтүү жыйынтыктар чыгарылган. Этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтарды илимий талдоого алуунун негизинде алгылыктуу, ынанымдуу, жаңы илимий жыйынтыктар жана бүтүмдөр чыгарылган. Кол жазма түрүндөгү диссертациялык иштин тиркемесинде курамына этносоциологиялык сурамжылоонун суроолору, тамак-аштардын жергиликтүү терминдеги аталыштардын сөздүгү, этнографиялык талаа экспедициялар мезгилинде интервью алынган жергиликтүү өкүлдөрдүн аты-жөндөрү, туулган жылдары, уруулары көрсөтүлгөн информаторлордун тизмеси чагылдырылган. Албетте, илимий иштин жакшы жактары өтө көп.

Илимий иштин жакшы жактары менен бирге, кээ бир эске алынбай калган, көңүл бура турган жерлери кездешет. Алардын катарына төмөндөгүлөр кирет:

1. Илимий иштин мазмунунда мааниси жагынан окшош кайталоолор орун алган.

2. Диссертациялык ишке редакциялык толуктоолор киргизилсе да, кээ бир пунктуациялык, стилистикалык каталарды кыргыз тилинин жалпы кабыл алынган эрежелеринин алкагында оңдоо керек.

3. Диссертациялык иштин жыйынтыктарын талапка ылайык жакшылап толуктаса болмок.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациялык иштин методикалык деңгээлин түшүрө албайт. Жогоруда белгилегендерди эске алып, В.М. Куттубекованын “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)” деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу менен Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинде коргоого кабыл алууну сунуштаймын..

**Төрага:** Анда эмесе эксперт Жоошбекова Айнагүл Рысбаевнанын сын-пикирине диссертанттын жообун уксак.

**Изденүүчү:** Сизге чон рахмат урматтуу Айнагүл Рысбаевна. Илимий иш редакциялык текшерүүдөн өткөндө дагы, жазылган изилдөөнүн кээ бир барактарында кайталоолорго жол берилген. Бул биздин күнөөбүз. Алардын кээ бирлерин жойгонго аракеттерди жасадык. Андан тышкары кээ бир пунктуациялык жана стилистикалык каталарды сөзсүз түрдө оңдоого аракетибизди жасайбыз.

**Төрага :** Изденүүчүгө дагы суроолоруңуздар барбы?

**Профессор А. Асанканов:** Мен диссертанттын авторефератын карап чыгып, мындай сунуштарды белгилеп кетким келди. Ишти жазууда диссертант кээ бир сөздөргө көңүл бөлүп, өзгөртүүлөрдү киргизсе мисалы: “тамак ичүү” деген сөздү “тамактануу” деген сөз менен алмаштырса туура болот деген ойдомун. Ошондой эле иштин жазылышында “плов” деген сөздү “палоо” “күрүч”, деп белгилөө туура деп ойлойм жана “кулинардык” деген сөздү алып салууну сунуштайт элем.

**Изденүүчү:** Рахмат Аблабек Асанканович! Сиздин айткан кеңештериңизди эске алып, ишимдеги каталарды оңдоого сөзсүз аракетимди жасаймын.

**Төрага:** Жогоруда сунушталган кемчиликтерди эске алып, илимий ишти жактоого чейин оңдоого аракетиңизди жасаңыз.

Анда эмесе диссертант Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын ишин кароону жыйынтыктап, сунушталган оппоненттердин кандидатуралары жана жетектөөчү мекеме боюнча кимде кандай суроо, сунуштар бар.

Иште этносоциологиялык материалдар кеңири колдонулгандыктан биринчи оппоненттикке Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Тарых жана этнология кафедрасынын башчысы, 07.00.07 –

этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору А.Р. Жоошбекова, экинчи оппоненттикке Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Археология, этнология, булак таануу жана тарыхнаама кафедрасынын доценти, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты С.Н. Эралиев сунушталып жатат. Жетектөөчү мекеме катары Борбордук Азиядагы Америкалык университетинин Антропология, технология жана эл аралык өнүгүү программасы сунушталууда, ал жерде квалификациясы боюнча бул ишке туура келген адистердин саны жетиштүү.

Анда токтомго өтөлү. Эмесе жазылган диссертацияны коргоого уруксат берүү туралуу добушуңуздарды берип койсоңуздар.

В.М. Куттубекова тарабынан жазылган "Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)" 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын коргоого сунуш берениздер:

Каршы – жок,

Калыс – жок,

Бардыгы – макул.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д 07.21.628 Диссертациялык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын "Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)" аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши коргоого кабыл алынсын. Ишти коргоого алынып чыгуу күнү 24-ноябрь 2021 жыл.

2. Бекитилсин:

Жетектөөчү мекеме – Борбордук Азиядагы Америкалык университетинин Антропология, технология жана эл аралык өнүгүү программасы.

Расмий оппоненттери - тарых илимдеринин доктору Жоошбекова Айнагүл Рысбаевна, тарых илимдеринин кандидаты Эралиев Салайдин Нуралиевич.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынан Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын авторефератын басып чыгарууга уруксат берүүсү суралсын.

Диссертациялык кеңештин төрагасы — т.и.д., профессор Т.К.Чороев

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы — т.и.к., улуу илимий кызматкер А.З.Жапаров